# Базар-Коргон Суу Суб-долбоору

**Жайгашкан жери:** КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

**Долбоордун номери:** 53727

**Бизнес сектору:** Инфра Евразия

**Эскертүү түрү:** мамлекеттик

**Экологиялык категориясы:** Б

**Максатталган бекитүү датасы:** 15-ноябрь 2022-Жыл

**Статусу:** Бекитилген

**Долбоордун кыскача документинин (ДКД) жарыяланган күнү:** 6-декабрь 2022-Жыл

## Долбоордун кыскача баяндамасы

Кыргыз Республикасына 3,745 млн. еврого чейинки өлчөмдөгү суверендүү кредиттен түшүүлөр Кыргыз Республикасын суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу боюнча кеңейтилген программасынын алкагында Базар-Коргон муниципалитетине берилет. Кредит Базар-Коргон шаарынын жана коңшу Акман жана Бешик-Жон конуштарынын суу менен камсыздоо кызматтарын модернизациялоону жана борборлоштурууну колдоого алат. Сунушталган кредит–3,745 миллион еврого чейин капиталдык салым гранты менен бирдикте ЕРӨБ Акционерлеринин атайын фондунан («ААФ») же эл аралык донордон каржыланат.

## Долбоордун максаттары

Долбоор Базар-Коргон шаарында суу менен камсыздоо кызматтарын модернизациялоо жана борборлоштуруу, анын ичинде Акман менен Бешик-Жондун коңшу калктуу конуштары, суу эсептегичтерин киргизүү, эксплуатациялоо жана техникалык тейлөө жабдууларын жана техникаларын сатып алуу жана кеңсе имаратын куруу сыяктуу иш аракеттерди аткарып ичүүчү суу менен камсыздоону жакшыртуу үчүн каржылайт.

## Өткөөл процесстин таасири

ETI (Болжолдуу өткөөл таасири): 70 упай

Кыргызстандын суу секторунун туруктуулугунун Алкактык концепциясына ылайык, долбоор өткөөл мезгилдин төмөнкү сапаттарына жетишүүгө салым кошот:
- Жакшы башкарылган: натыйжалуулуктун так аныкталган негизги индикаторлору (АНИ) менен стандартташтырылган мамлекеттик кызмат көрсөтүү келишимин (ККК) ишке ашыруу жана кызыкдар тараптардын катышуусунун программасын ишке ашыруу;
- Атаандаштыкка жөндөмдүүлүк: Корпоративдик Өнүктүрүү Программасын (КӨП) киргизүү, тарифтерди жогорулатуу, эсепке алууну күчөтүү жана жыйымдарды көбөйтүү, суу менен камсыздоо тармагын жана сактоочу кубаттуулукту чыңдоо, ошондой эле сапаттуу сууга жеткиликтүүлүктү жогорулатуу аркылуу.
- Чакан долбоор ошондой эле стандартташтырылган тарифтик методологияны жана мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү боюнча стандартташтырылган контракттарды киргизүүнү, ошондой эле даректүү социалдык колдоо механизми боюнча сунуштарды иштеп чыгууну камтыган Алкактык институционалдык реформасын колдоого алат. Долбоор үчүн ылайыкталган корпоративдик өнүктүрүү программалары бул стандартташтырылган ыкманы ишке ашыруу аркылуу коммерциялаштырууга көмөктөшөт. Күтүлгөн өткөөл таасири алкактык мамилеге ылайык 70 болуп саналат.

## Кардар жөнүндө маалымат

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кепилдиги астында (суверендүү кредит).

Кыргыз Республикасы («КР») Зайымчы катары. Суверендүү кредиттин каражаттары Базар-Коргон шаарына («Шаар») Базар-Коргон суу чарба ишканасынын («Компания») пайдасына берилет. Учурдагы суверендүү кредит: 112 млн. евро

## ЕРӨБ Каржылоосу

EUR 3,745,000.00

3,745 млн.еврого чейинки өлчөмдөгү суверендүү кредит Базар-Коргон шаарындагы жана коңшу Акман жана Бешик-Жон калктуу конуштарындагы суу инфраструктурасын модернизациялоону колдоо үчүн "Кыргызстандын суу секторунун туруктуулугун камсыздоонун Алкактык программасынын" ("КСТКАП") алкагында Кыргыз Республикасына берилет. Насыяны төлөө мөөнөтү төрт жылдык жеңилдетилген мезгилди кошкондо 15 жылды түзөт.

Кредит эл аралык донордон же ЕРӨБ ААФ тарабынан 3,745 миллион еврого чейинки капиталдык салым гранты менен бирге каржыланат.

## Долбоордун жалпы баасы

EUR 7,490,000.00

Долбоор эки булактан каржыланат: (i) ЕРӨБ кредити 3,75 миллион еврого чейин - I транш (милдеттенген) 2,11 миллион еврого чейин жана транш II (милдеттенбеген) 1,64 миллион еврого чейин - жана (ii) эки транш менен 3,75 миллион еврого чейин капиталдык грант - ЕРӨБ Акционерлеринин атайын фондунан ("ААФ") Транш I (милдеттенген) 2,11 миллион еврого чейин жана Транш II (милдеттенбеген) 1,635 миллион еврого чейин эл аралык донор же ААФдан.

## Экологиялык жана социалдык сереп

Б категориясына категорияланган (ЕРӨБ Экологиялык жана социалдык саясат (ЭСС) 2019. Көз карандысыз эл аралык консультант тарабынан техникалык-экономикалык негиздеменин алкагында экологиялык жана социалдык аныктоо (ЭСА) жүргүзүлгөн. Ал учурдагы экологиялык жана социалдык практиканы (ЭСП) карап чыгууну, Долбоордун ЭСПга потенциалдуу таасирин баалоону жана Базар-Коргон Суу чарба муниципалдык ишканасынын ЭСПнын жоболорун жана башкаруу мүмкүнчүлүктөрүн карап чыгууну камтыды. Ишкана инфраструктурага олуттуу инвестицияны талап кылат, анткени мындан 55 жыл мурда курулган магистралдык суу менен камсыздоо тармагы бир топ начарлап кеткен. Район негизинен жер астындагы суулар менен камсыз кылынат. Борборлоштурулган канализация жана саркынды сууларды тазалоо системасы жок.

Долбоор Базар-Коргон шаарында жана сегиз айылдык суу пайдалануучулардын коомдук ассоциациясында (АСПКА) суу менен камсыздоо жана санитария инфраструктурасын модернизациялоого көмөк көрсөтөт. ЭСА этабында долбоорду ишке ашыруу жалпысынан калкка сапаттуу кызматтарды көрсөтүүнүн эсебинен узак мөөнөттүү оң социалдык таасирлерге алып келет деген тыянак чыгарылган. Аларга суу менен камсыздоо кызматтарын жакшыртуу, суу менен камсыздоо тутумуна жаңы туташуулар үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүү, ичүүчү суунун сапатын улуттук жана ЕС стандарттарынын деңгээлине чейин жогорулатуу, санитардык-эпидемиологиялык тобокелдиктерди азайтуу, суунун жоготууларын олуттуу азайтуу, ошондой эле компаниянын кызматкерлеринин эмгек коопсуздугун жана иштөө шарттарын жакшыртуу кирет.

Банк тарабынан каржыланган техникалык-экономикалык негиздеме (ТЭН) компания үчүн 75 миллион евро өлчөмүндө суу менен камсыз кылуу жана саркынды сууларды чогултуу жана тазалоо боюнча инвестицияга жалпы муктаждыкты аныктады. Суу менен камсыздоо системасынын жакшырышына карабастан, ЕРӨБ №3 аткаруу талабына жана суу менен камсыздоо жана агынды сууларды чогултуу жана тазалоо боюнча ЕБ директиваларына ылайык келүү үчүн кошумча инвестициялар талап кылынат. Ошондуктан, финансылык ресурстардын чектелүүсүнөн жана финансылык чектөөлөрдөн улам, 2019-жылга Экологиялык жана социалдык саясаттын («ЭСС») №3 аткаруу талабына карата четтөө суралат. Башкармалык 2020-жылдын июль айында Кыргызстандын сууга туруктуулугунун алкагындагы бардык суб-долбоорлор үчүн №3 аткаруу талабынан баш тартууну бекитти.

Долбоордун жагымсыз таасирлери биринчи кезекте кыска мөөнөттүү жана курулуш фазасына байланыштуу, анын ичинде ызы-чуу, чаң, титирөө, техникалардын кыймылы, коомдук транспорттун үзгүлтүккө учурашы жана Долбоордун Экологиялык жана социалдык башкаруу планында (ЭСБП) каралган жумшартуу чаралары аркылуу чечилет жана биринчи кезекте Инженердик көзөмөл боюнча консультанттын жана Компаниянын Долбоорду башкаруу бөлүмүнүн көзөмөлү астында подрядчылар тарабынан ишке ашырылат.

Экологиялык жана социалдык аракеттер пландары (ЭСАП) компаниядан ЕРӨБ ишинин талаптарына жооп берүү үчүн бир катар жакшыртууларды ишке ашырууну талап кылат, мисалы, компаниянын экологиялык, ден соолук жана коопсуздук потенциалын жогорулатуу, тобокелдиктин негизги жол-жоболорун иштеп чыгуу, кызматкерлердин даттануулары кароо механизмдери үчүн жоболорду камтыган кадр саясатын жаңылоо жана гендердик зомбулук жана куугунтуктун тобокелдиктерин азайтуу, подрядчыларды башкаруу жана Кызыкдар тараптарды тартуу планын (КТТП) ишке ашыруу. ТКнын алкагында ЭСАПты ишке ашыруу үчүн колдоо көрсөтүлөт.

ЕРӨБ компаниянын жылдык экологиялык жана социалдык отчетторун карап чыгуу менен долбоордун жана ЭСАПтын аткарылышын жана компаниянын экологиялык жана социалдык ишмердүүлүгүн көзөмөлдөйт. Долбоор үчүн кызыкдар тараптарды тартуу планы (КТТП) жана Техникалык эмес корутунду (ТЭК) да иштелип чыккан.

## Техникалык кызматташуу

Бул долбоордун алкагында техникалык кызматташуу («ТК») боюнча төмөнкү тапшырмалар каралууда:
- кредиттик келишимине кол коюуга чейин:

- Финансылык, техникалык, экологиялык жана социалдык экспертизаны камтыган ТЭН. Бул тапшырма 300,000 еврого бааланат жана Эрте өткөөл өлкөлөр үчүн фонду (ЭӨӨФ/ETCF) тарабынан каржыланган;
- кредиттик келишимине кол койгондон кийин:
- Долбоорду ишке ашырууга колдоо көрсөтүү. ТК Долбоорду ишке ашыруу бөлүмүн инженердик долбоорлоо жана бекитүү, сатып алуулар, тендерди даярдоо жана баалоо, контракттарды түзүү жана башкаруу, финансылык контролдоо, долбоорду башкаруу жана отчеттуулукта колдоо көрсөтөт. Бул тапшырма 650 000 еврого чейин бааланат жана ЕРӨБ Акционерлеринин атайын фондунан каржыланат (SSF WP 2021-2022).
- Корпоративдик өнүктүрүү жана кызыкдар тараптардын катышуусу программасы. Тапшырманын баасы 400 000 еврого чейин жана ЕРӨБ Акционерлеринин атайын фондунан каржыланат (SSF WP 2021-2022).
- ТК эмес: Директорлор кеңеши 2,11 миллион евро өлчөмүндөгү ЕРӨБ Транш I (милдеттенген) кредитин бирге каржылоо үчүн SSF WP 2021-2022 тарабынан 2,11 евро Транш I инвестициялык грантын бекитүүгө чакырылат. 1,64 миллион евро Транш II (милдеттенбеген) инвестициялык гранты ЕРӨБ 1,64 миллион евролук Транш II (милдеттенбеген) кредитин биргелешип каржылоо үчүн эл аралык донор же ААФ тарабынан каржыланат деп күтүлүүдө.

## Кошумча пайдалуулук

Банк азыркы учурда коммерциялык банктарда жок болгон узак мөөнөттүү каржылоону берет. Банк өзүнүн шарттары (мисалы, ЕРӨБ Сатып алуу саясаты жана эрежелери, ЭСАП, тарифтерди жогорулатуу жана башка шарттар) аркылуу жогорку стандарттарга жетүү үчүн Компанияга колдоо көрсөтөт. Корпоративдик өнүктүрүү программасынын алкагында техникалык кызматташуу Компаниянын институционалдык, операциялык жана финансылык потенциалын жакшыртат. Корпоративдик өнүктүрүү программасынын негизинде, техникалык кызматташтыктын алкагында, Компания бул долбоорго аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, инклюзивдүүлүк жана гендердик стандарттар боюнча ЕРӨБ тажрыйбасынан да пайдаланат.

## Компания менен байланыш үчүн маалымат

Хайбатилла Хусанбаев
+996555111087

## Өткөөл процесс боюнча  түшүндүрмө

ЕРӨБдүн өткөөл мезгилге таасир этүүгө карата мамилеси жөнүндө толук маалыматты бул жерден таба аласыздар.

## Ишкердик мүмкүнчүлүктөрү

Ишкердик мүмкүнчүлүктөрү жана сатып алуулар боюнча кардар компания менен байланышыңыздар.

ЕРӨБ менен ишкердик мүмкүнчүлүктөрү (сатып алууларга байланышпаган) боюнча төмөндөгү жолдор менен байланышыңыздар:

Тел: +44 20 7338 7168

Эл.почта: projectenquiries@ebrd.com

Мамлекеттик сектордогу долбоорлор боюнча ЕРӨБдүн сатып алуулар боюнча сайтына кириңиз:
Тел: +44 20 7338 6794
Email: procurement@ebrd.com

## Жалпы маселелер

Конкреттүү суроо-талаптар ЕРӨБдүн суроо-талаптар формасы аркылуу берилет.

## Экологиялык жана социалдык саясат (ЭСС)

ЭССде жана Ишке ашыруу талаптарында (ИАТ) ЕРӨБ «экологиялык жактан негизделген жана туруктуу өнүктүрүүгө» көмөктөшүү боюнча өзүнүн милдеттемелерин кандайча аткаргандыгы тууралуу баяндалган. ЭСС менен ИАТ кардарлардын коомдук маалымат жана консультациялар тууралуу улуттук мыйзамдардын талаптарын сактоосу жөнүндө конкреттүү жоболорду, кызыкдар тараптардын, анын ичинде экологиялык көйгөйлөр, кардарлардын жана долбоордун социалдык натыйжалуулугу боюнча тынчыздануулары менен арыздарын алуу жана аларды чечүүнү жеңилдетүү үчүн даттанууларды кароо механизмдерин түзүүнү өзүнүн ичине камтыйт. Экологиялык жана социалдык тобокелчиликтердин мүнөзү жана масштабына жана долбоордун таасир этүүлөрүнө жараша, ЕРӨБ өзүнүн кардарларынан зарыл болгон учурларда долбоорлорду жүзөгө ашыруунун жыйынтыгында келип чыга турган тобокелчиликтер менен таасирлер

же кызыкдар тараптар менен маңыздуу консультацияларды жүргүзүү, ошондой эле Кайтарым байланышты кароо жана ага реакция кылуу жөнүндө маалыматтарды ачыктоону кошумча талап кылат.

Бул жагдай тууралуу ЕРӨБдүн тажрыйбасы жөнүндө тагыраак маалыматтар ЭССде баяндалган.

## Бүтүндүк жана шайкештик

ЕРӨБдүн Шайкештик боюнча башкы кызматкеринин кеңсеси (ШБКК) Банктын баардык ишмердүүлүгүнө, мыкты эл аралык тажрыйбаларга ылайык, талаптагыдай башкарууга көмөктөшөт жана акниеттүүлүктүн эң мыкты стандарттарын колдонууну камсыз кылат. Акниеттүүлүк боюнча комплекстүү текшерүү долбоорлордун банк үчүн акниеттүүлүк менен репутациянын кабыл алынгыс тобокелчиликтерин сунуштабашын камсыздоо үчүн жүргүзүлөт. Банк долбоорду баалоону бекитүү баскычында көйгөйлөрдү аныктоону жана чечүүнү банктык операциялардын бүтүндүгүн камсыздоонун натыйжалуу каражаты деп эсептейт. ШБКК мындай коргоочу аракеттерде маанилүү ролду ойнойт, ошондой эле инвестиция кылгандан кийин долбоорлордогу бүтүндүүлүк тобокелчиликтерин көзөмөлдөөдө жардам берет.

ШБКК ошондой эле ЕРӨБ тарабынан каржыланган долбоорлордогу алдамчылык, коррупция жана мыйзамсыз аракеттер жөнүндө билдирүүлөрдү иликтөөгө жооп берет. Банк ичиндеги, ошондой эле банк сыртындагы алдамчылыкка же коррупцияга шектенген адам compliance@ebrd.com электрондук дареги аркылуу көзөмөлдөө боюнча башкы кызматкерге жазуу жүзүндө кабар бериши керек. Жиберилген баардык материалдар кийинки кадамдарды көрүү үчүн ШБККда каралат. Баардык билдирүүлөр, анын ичинде анонимдүү берилгендери да, каралат. Билдирүүлөр банк колдонгон же анын ишмердүүлүгү жүргүзүлгөн өлкөлөрдүн каалаган тилдеринде түзүлүшү мүмкүн. Берилген маалыматтар ишенимдүү болушу зарыл.

## Маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясат (МЖС)

МЖС, 2020-жылдын 1-январынан тарта күчүнө киргенден кийин, ЕРӨБдүн маалыматты кантип ачыктаарын жана өзүнүн стратегияларынан, саясаттарынан жана операцияларынан кабардар болуусу менен аларды түшүнүүсүн жогорулатуу максатында кызыкдар тараптар менен кантип кеңешээрин аныктайт. ЕРӨБдүн веб-сайтында кандай маалымат бар экенин билүү үчүн Маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясат бетине кириңиз.

Маалымат алууга конкреттүү суроо-талаптарды ЕРӨБдүн суроо-талаптар формасы менен жөнөтүүгө болот.

## Долбоорлор боюнча көзкарандысыз отчеттуулук механизми (ДКОМ)

Эгер Кардар же Банк менен экологиялык, коомдук же социалдык көйгөйлөрду чечүү боюнча аракеттер ийгиликтүү болбосо (маселен, Кардардын долбоор деңгээлиндеги даттануулерды кароо механизми аркылуу же Банк жетекчилиги менен түз сүйлөшүү аркылуу), жеке жактар жана уюмдар аларды тынчсыздандыргын маселелерди Долбоорлор боюнча көз карандысыз отчеттуулук механизми (ДКОМ) аркылуу чечүүнү тандашы мүмкүн.

ДКОМ долбоордун зыян келтирген (же зыян келтириши мүмкүн) деп эсептелген маселелерин өз алдынча карайт. Бул Механизмдин максаты - экологиялык, социалдык жана коомго маалыматты ачыктоо көйгөйлөрүн чечүүдө кызыкдар тараптардын ортосундагы диалогду колдоо; банк өзүнүн экологиялык жана социалдык саясаты менен маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө саясатынын долбоорго тиешелүү болгон жоболорун сактап же сактабай жатканын аныктоо; жана тиешелүү учурларда, бул саясаттардын сакталбаган жагдайларын чечтетүү, ошол эле маалда келечекте Банктын бул саясаттардан четтөөсүнүн алдын алуу болуп саналат.

Долбоорлор боюнча Көзкарандысыз Отчеттуулук Механизминин веб-баракчасына кирип, ДКОМ жана анын мандаты жөнүндө; карап чыгуу үчүн Арыз берүү жолдору; же ДКОМ жана арыз берүү жолдору жөнүндө кошумча түшүндүрмө жана маалымат алуу үчүн ДКОМ менен ipam@ebrd.com электрондук дареги аркылуу байланышуу тууралуу көбүрөөк биле аласыз.